# Кыргыз-япон институту

**Жалпы маалымат.** Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Кыргыз-япон институту (КЯИ) япон тилин билген жогорку квалификациялуу адистерди даярдоо максатында түзүлгөн.

Кыргыз-япон институту Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Окумуштуулар жана Камкорчулар кеңешинин чечими менен 2024-жылдын март айында түзүлгөн түзүмдүк бөлүк болуп саналат. Институт Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана университеттин Уставына ылайык билим берүү жана илимий ишмердүүлүк менен алектенет.

2024-2025-окуу жылына биринчи кабыл алуу боюнча Кыргыз-япон институтуна 50дөн ашык студент кабыл алынган, ал эми сентябрда биринчи окуу жылынын башталышына арналган салтанаттуу азем өткөрүлгөн.

Кыргыз-япон институтунун ачылышына жана калыптануусуна чоң салым кошкон Такахара Дайсуке институттун директору болуп саналат.






**Институттун миссиясы.** Кыргыз-япон институту кесиптик билимге, ошондой эле япон тили жана маданияты боюнча терең билими бар адистерди даярдоону өзүнүн негизги максаты катары коёт. Бул адистер коомдун өнүгүшүнө олуттуу салым кошо алышат.

Институттун миссиясы – жаңы муундун жогорку квалификациялуу кадрларын даярдоого шарт түзгөн билим берүү чөйрөсүн калыптандыруу аркылуу Кыргыз Республикасы менен Япониянын ортосундагы кызматташтыкты чыңдоо жана кеңейтүү.

**Ишке ашырылып жаткан билим берүү программалары.** Учурда КЯИде бакалавриаттын төрт программасы ишке ашырылып, алардын ар бири Кыргызстан менен Япониянын талаптарына ылайык жогорку квалификациялуу адистерди даярдоого багытталган:

- 600200 - Туризм (профили: Эл аралык туризм);
- 531500 - Чөлкөм таануу (профили: Азиялык-Тынч океан чөлкөмү);
- 710200 - Маалыматтык системалар жана технологиялар (профили: Бизнес чөйрөсүндөгү маалыматтык системалар жана технологиялар);
- 740300 - Коомдук тамактануу азыктарынын технологиясы жана аны уюштуу (профили: Продукцияны өндүрүү технологиясы жана коомдук тамактанууну уюштуруу. Ресторан жана мейманкана комплекстеринде продукциянын технологиясы жана тейлөө уюштуруу).
- 531500-Филология, (профили:Япон тили жана адабияты)

**Институттун негизги өзгөчөлүктөрү**. Кыргыз-япон институту япон тилин терең үйрөнүү, маданий алмашуу жана практикалык даярдыкты айкалыштырган уникалдуу билим берүү чөйрөсүн сунуштайт. Окуу программасы жылына 400дөн ашык саат япон тили сабактарын камтыйт, бул студенттерге экинчи курска жеткенде N3 деңгээлине, ал эми

окууну аяктаган учурда N2 деңгээлине жетүүгө мүмкүндүк берет. Билим берүү процесси япон тилин гана эмес, маданиятын дагы терең түшүнүүгө жогорку компетенцияны камсыз кылат.

Институт алдыңкы компаниялар жана тармактык уюмдар менен активдүү кызматташат, бул студенттерге жыл сайын Японияда стажировкадан өтүүгө мүмкүнчүлүк берет. Бул стажировкалар алардын адистиги боюнча уюштурулуп, студенттерге келечектеги кесиптик ишмердүүлүгү үчүн маанилүү практикалык тажрыйба топтоого, ошондой эле япон тилин реалдуу жумуш шарттарында колдонуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө шарт түзөт.

Билим берүү даярдыгынан тышкары, институт бүтүрүүчүлөрүнүн карьералык өсүшүнө өзгөчө көңүл бурат. Биз студенттерди Японияда ишке орноштурууга көмөктөшөбүз жана Кыргызстандын ичинде япон тилин практикалык колдонуу мүмкүнчүлүктөрүн түзөбүз. Япон компанияларын регионго тартуу биздин бүтүрүүчүлөр үчүн келечектүү мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүүгө жана эл аралык байланыштарды чыңдоого өбөлгө түзөт.

**Эл аралык кызматташтык, академиялык мобилдүүлүк.** Кыргыз-япон институту ар бир студентке өз адистиги боюнча Японияда акысыз стажировкадан өтүү үчүн уникалдуу мүмкүнчүлүк сунуштайт. Бул студенттерге кесиптик билимдерин тереңдетүүгө, баалуу практикалык тажрыйба топтоого жана жапон тилинде өз көндүмдөрүн өнүктүрүүгө шарт түзөт. Ошондой эле, бул Япониянын маданий жана ишкердик чөйрөсүнө тереңирээк сүңгүүгө жардам берет.

Институт алдыңкы япон уюмдары, анын ичинде компаниялар, корпорациялар, билим берүү мекемелери жана университеттер менен болгон өнөктөштүгү менен сыймыктанат. Алардын катарына төмөнкүлөр кирет: Nippon Travel Agency компаниясы; IB-System корпорациясы; IB-Staff корпорациясы; Resort Rebun компаниясы (Хоккайдо); Ниигата технологиялык университети; Иватани Гакуэн билим берүү мекемеси (Хоккайдо) жана Кокусай Шигакуэн билим берүү мекемеси.

Бул кызматташтыктын алкагында студенттер стажировкаларга, практикалык окууларга, онлайн-лекцияларга жана билим берүү боюнча академиялык мобилдүүлүккө мүмкүнчүлүк алышат.



Алдыңкы япон компаниясы Nippon Travel Agency менен өнөктөштүк келишимине кол коюу.




Хоккайдого иш сапар, япон тили мектеби Иватани Гакуэн менен жолугушуу.



Япониядагы туризм тууралуу конок лекцияларынын бири.

**Студенттик жашоо**. Кыргыз-япон институту жакында эле ачылганына карабастан, студенттик жашоо ар түрдүү жаркын окуяларга бай түрдө өтүүдө. Кыргыз тили күнүнө арналган концерт, япон жана кыргыз маданиятынын элементтери коштолгон студенттикке кабыл алуу аземи, Айтматов күнүн майрамдоо – бул иш-чаралар студенттерге өз таланттарын ачып көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берет. Андан тышкары, студенттер ар кандай сынактарга, турнирлерге жана башка иш-чараларга активдүү катышып, окууну пайдалуу гана эмес, кызыктуу да өткөзүшүүдө.








Институтта достукка, ачыктуулукка жана өз ара ишенимге негизделген чөйрө түзүлгөн. Бул ар бир студентке өзүн ишенимдүү сезүүгө, оюн эркин билдирүүгө жана өзүнүн потенциалын ачууга жардам берет.

